1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын
Санариптик өнүктүрүү министрлиги жөнүндө
жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги (мындан ары – Министрлик) санариптештирүү, электрондук башкаруу жаатында, электрондук кол тамганы пайдалануу, мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөр, идентификациялоо системасы, санариптик технологиялардын, электр жана почта байланышынын, анын ичинде радио жана телеберүүлөрдүн (мындан ары – байланыш) бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, калкты, автомототранспорт каражаттарын жана алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды, жарандык абалдын актыларын каттоо, архив иши, киберкоопсуздук (Министрликтин компетенциясынын чегинде) чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп эсептелет.

2. Министрлик өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Министрлик өзүнүн иши мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, илимий жана башка уюмдар, ишканалар, мекемелер менен өз ара аракеттенүүдө жүргүзөт.

4. Министрлик эл аралык келишимдерден келип чыгуучу милдеттенмелерди ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын почта администрациясы, Кыргыз Республикасынын байланыш администрациясы катары чыгат.

5. Министрлик юридикалык жактын статусуна ээ, анын мамлекеттик жана расмий тилдердеги аталышы менен Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн мөөрү, штамптары жана белгиленген үлгүдөгү бланктары, ошондой эле Казыналык системасында эсептери бар.

6. Министрликтин толук фирмалык аталышы:

Приложение 1

**Положение
о Министерстве цифрового развития
Кыргызской Республики**

## 1. Общие положения

1. Министерство цифрового развития Кыргызской Республики (далее – Министерство) является государственным органом исполнительной власти, вырабатывающим и реализующим государственную политику в области цифровизации, электронного управления, в сфере использования электронной подписи, государственных и муниципальных электронных услуг, систем идентификации, обеспечения равного доступа к цифровым технологиям, электрической и почтовой связи, включая радио- и телевизионное вещание (далее – связь), регистрации населения, автомототранспортных средств и прицепов к ним, специальных технологических машин, водительского состава, актов гражданского состояния, архивного дела, кибербезопасности (в пределах компетенции Министерства).

2. Министерство в своей деятельности руководствуется Конституцией Кыргызской Республики, законами Кыргызской Республики, указами и распоряжениями Президента Кыргызской Республики, постановлениями Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, постановлениями и распоряжениями Кабинета Министров Кыргызской Республики, международными договорами, вступившими в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, а также настоящим Положением.

3. Министерство осуществляет свою деятельность во взаимодействии с государственными органами, органами местного самоуправления, общественными объединениями, научными и иными организациями, предприятиями, учреждениями.

4. Министерство при реализации обязательств, вытекающих из международных договоров, выступает в качестве почтовой администрации Кыргызской Республики, администрации связи Кыргызской Республики.

5. Министерство обладает статусом юридического лица, имеет печать с изображением Государственного герба Кыргызской Республики, с наименованием на государственном и официальном языках, штампы и бланки установленного образца, а также счета в системе Казначейства.

6. Полное фирменное наименование Министерства:

– мамлекеттик тилде: «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги»;

– расмий тилде: «Министерство цифрового развития Кыргызской Республики».

Кыскартылган аталышы:

– мамлекетик тилде: «СӨМ»;

– расмий тилде: «МЦР».

7. Министрликтин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Үметалиев көч. 41.

## 2. Министрликтин максаты

8. Министрликтин ишинин максаты болуп санариптештирүү, электрондук башкарууну өнүктүрүүнү камсыз кылуу, электрондук кол тамганы пайдалануу, мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөр, жогорку технологиялуу маалыматтык-коммуникациялык инфратүзүмдү, идентификациялоо системасын өнүктүрүү жана камсыз кылуу, Кыргыз Республикасын санариптик өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында санариптик технологиялардын бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасын жалпы дүйнөлүк маалымат мейкиндигине интеграциялоо, электр жана почта байланышы, анын ичинде радио жана телеберүүлөр чөйрөсүндө, калкты, автомототранспорт каражаттарын жана алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды, жарандык абалдын актыларын каттоо, архив иши, киберкоопсуздук (Министрликтин компетенциясынын чегинде) чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу саналат.

## 3. Министрликтин милдеттери

9. Министрликтин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) төмөнкүлөр үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү:

– маалыматтык технологияларды, электрондук башкарууну, архив ишин, байланыш тармактарын жана кызмат көрсөтүүлөрүн киргизүү жана өнүктүрүү;

– Кыргыз Республикасынын бирдиктүү маалыматтык мейкиндигин түзүү;

– юридикалык маанилүү мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү бирдейлештирилген түрдө берүү жана ведомстволор аралык маалыматтык өз ара аракеттенүүнү камсыздоо үчүн электрондук кол тамганын бирдиктүү инфратүзүмүн куруу;

2) төмөнкүлөрдү камсыздоо:



– на государственном языке: «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги»;

– на официальном языке: «Министерство цифрового развития Кыргызской Республики».

Сокращенное наименование:

– на государственном языке: «СӨМ»;

– на официальном языке: «МЦР».

7. Юридический адрес Министерства: Кыргызская Республика, город Бишкек, ул. Уметалиева, 41.

## 2. Цель Министерства

8. Целью деятельности Министерства является выработка и реализация единой государственной политики в сфере цифровизации, обеспечения развития электронного управления, использования электронной подписи, государственных и муниципальных электронных услуг, развития и обеспечения высокотехнологичной информационно-коммуникационной инфраструктуры, систем идентификации, обеспечения равного доступа к цифровым технологиям в целях создания благоприятных условий для цифрового развития Кыргызской Республики, цифровой трансформации государственного управления, а также интеграции Кыргызской Республики в общемировое информационно-технологическое пространство, электрической и почтовой связи, включая радио- и телевизионное вещание, в сфере регистрации населения, автомототранспортных средств и прицепов к ним, специальных технологических машин, водительского состава, актов гражданского состояния, архивного дела, кибербезопасности (в пределах компетенции Министерства).

## 3. Задачи Министерства

9. Задачами Министерства являются:

1) создание благоприятных условий для:

– внедрения и развития информационных технологий, электронного управления, архивного дела, сетей и услуг связи;

– формирования единого информационного пространства Кыргызской Республики;

– формирования единой инфраструктуры электронной подписи для унифицированного оказания юридически значимых государственных и муниципальных электронных услуг, обеспечения межведомственного информационного взаимодействия;

2) обеспечение:

– мамлекеттик башкарууну санариптик трансформациялоону, электрондук башкаруунун бирдиктүү архитектурасын, Кыргыз Республикасынын жарандары жана бизнес үчүн мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөргө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын байланыш инфратүзүмүн эл аралык байланыш тармактарына интеграциялоого шарт түзгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине маалыматтык–коммуникациялык технологияларды ишке киргизүүнү;

– заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен бирдиктүү мамлекеттик каттоо-эсепке алуу системасын өнүктүрүүнү жана түзүүнү;

– Министрликтин компетенциясына кирген мамлекеттик маалыматтык-каттоо ресурстарынын, маалыматтык системалардын жана тармактардын коопсуздугун жана корголушун;

– Министрликтин компетенциясына кирген жеке мүнөздөгү маалыматты коргоону;

– калктын бирдиктүү мамлекеттик реестрин иштетүүнү жана өнүктүрүүнү;

3) киберкоопсуздук коркунучтарын алдын алуу жана табуу, компьютердик инциденттерге таасир этүү;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Министрликке жүктөлгөн башка милдеттерди аткаруу.

### 4. Министрликтин функциялары

10. Министрлик төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

1) тармактык саясатты иштеп чыгуу функциялары:

– санариптештирүү, электрондук башкаруу, электрондук кол тамга, электрондук документ жүгүртүү, мамлекеттик жана муниципалдык электрондук кызмат көрсөтүүлөр, электрондук лицензиялоо, маалыматтарды сактоо жана иштеп чыгуу борборлору жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

– архив иши, калкты, автомототранспорт каражаттарын жана алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды, жарандык абалдын актыларын каттоо жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

– электр жана почта байланышы жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат;

– Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актыларынын жана чечимдеринин долбоорлорун иштеп чыгат, ошондой эле Министрликтин компетенциясына кирген маселелер боюнча аталган актыларды даярдоого катышат;



– цифровой трансформации государственного управления, единой архитектуры электронного управления, внедрения информационно-коммуникационных технологий в деятельность государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики, способствующих предоставлению государственных и муниципальных электронных услуг для граждан и бизнеса Кыргызской Республики, а также интеграции инфраструктуры связи Кыргызской Республики с международными сетями связи;

– развития и формирования единой государственной регистрационно-учетной системы с использованием современных информационных технологий;

– безопасности и защиты государственных информационно-регистрационных ресурсов, информационных систем и сетей, находящихся в компетенции Министерства;

– защиты информации персонального характера, отнесенной к компетенции Министерства;

– функционирования и развития единого государственного реестра населения;

3) предупреждение и выявление угроз кибербезопасности, реагирование на компьютерные инциденты;

4) осуществление иных задач, возложенных на Министерство, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

### 4. Функции Министерства

10. Министерство выполняет следующие функции:

1) функции выработки отраслевой политики:

– вырабатывает и реализовывает единую государственную политику в области цифровизации, электронного управления, электронной подписи, электронного документооборота, оказания государственных и муниципальных электронных услуг, электронного лицензирования, центров хранения и обработки данных;

– вырабатывает и реализовывает единую государственную политику в области архивного дела, регистрации населения, автомототранспортных средств и прицепов к ним, специальных технологических машин, водительского состава, актов гражданского состояния;

– вырабатывает и реализовывает единую государственную политику в области электрической и почтовой связи;

– разрабатывает проекты нормативных правовых актов и решений Кабинета Министров Кыргызской Республики, а также принимает участие в подготовке указанных актов по вопросам, входящим в компетенцию Министерства;

– тейлеген тармагынын чөйрөсүндө укуктук пропаганда боюнча иш-чараларды аткарат;

– байланыш жана электрондук башкаруу, мамлекеттик маалыматтык-каттоо ресурстары жана технологиялар чөйрөсүндө, мамлекеттик маалыматтык ресурстардын маалыматтык коопсуздугу жаатында техникалык регламенттерди иштеп чыгууга катышат;

– электрондук башкаруу жана мамлекеттик каттоо жаатында мамлекеттик маалыматтык системалардын жана ресурстардын, илимий-техникалык жана инвестициялык программалардын жана долбоорлордун мамлекеттик заказчысынын функцияларын аткарат;

– байланышты, санариптештирүүнү жана электрондук башкарууну өнүктүрүүгө республикалык бюджеттин жана башка булактардын каражаттарынын башкы тескөөчүсүнүн жана алуучусунун функцияларын аткарат;

2) тармактык саясатты ишке ашыруу функциялары:

а) эл аралык кызматташуу чөйрөсүндө:

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эл аралык уюмдар жана башка финансылык институттар менен байланыш, санариптештирүү, электрондук кол тамга, электрондук башкаруу, каттоо жана архив иши чөйрөсүндө кызматташууну ишке ашырат;

– компетенциясынын чегинде эл аралык келишимдердин долбоорлорун иштеп чыгат, жүктөлгөн ыйгарым укуктарына ылайык аларга кол коёт жана ишке ашырылышын камсыздайт;

– башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен болгон мамилелерде өзүнүн компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын атынан чыгат жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргойт;

– санариптештирүү, электрондук башкаруу жана байланыш жаатында, ошондой эле берилген ыйгарым укуктарынын чегинде каттоо маселелери боюнча инвестициялык саясатты түзүүгө катышат;

б) маалыматтык-коммуникациялык технологиялар жана электрондук кол тамга чөйрөсүндөгү функциялар:

– программалык-техникалык комплекстерди, маалыматтык системаларды жана тармактарды, электрондук кол тамганы иштеп чыгуу жана киргизүү жаатында, анын ичинде зарыл болгон стандарттарды жана техникалык регламенттерди иштеп чыгуу жолу менен бирдиктүү талаптарды түзөт;

– Министрликтин карамагында турган мамлекеттик маалыматтык системалардын жана ресурстардын менчик ээси катары чыгат;

– интеграцияланган мамлекеттик маалыматтык системаларды жана тармактарды, маалыматты иштеп чыгуунун бирдиктүү мамлекеттик борборлорун, электрондук документ жүгүртүүнүн бирдиктүү системасын, кадрларды эсепке алуу боюнча бирдиктүү мамлекеттик системаны, финансылык башкаруунун бирдиктүү



– проводит мероприятия по правовой пропаганде в сфере курируемой отрасли;

– участвует в разработке технических регламентов в сфере связи и электронного управления, государственных информационно-регистрационных ресурсов и технологий, в области информационной безопасности государственных информационных ресурсов;

– осуществляет функции государственного заказчика государственных информационных систем и ресурсов, научно-технических и инвестиционных программ и проектов в области электронного управления и государственной регистрации;

– осуществляет функции главного распорядителя и получателя средств республиканского бюджета и других источников, предусмотренных на развитие связи, цифровизации и электронного управления;

2) функции реализации отраслевой политики:

а) функции в сфере международного сотрудничества:

– осуществляет сотрудничество в сфере связи, цифровизации, электронной подписи, электронного управления, регистрации и архивного дела с международными организациями и другими финансовыми институтами в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

– в рамках компетенции разрабатывает проекты международных договоров, в соответствии с возложенными полномочиями подписывает и обеспечивает их реализацию;

– в пределах своей компетенции представляет и защищает государственные интересы Кыргызской Республики в отношениях с другими государствами и международными организациями;

– участвует в формировании инвестиционной политики в области цифровизации, электронного управления и связи, а также регистрации в пределах предоставленных полномочий;

б) функции в сфере информационно-коммуникационных технологий и электронной подписи:

– формирует единые требования в области разработки и внедрения программно-технических комплексов, информационных систем и сетей, электронной подписи, в том числе путем разработки необходимых стандартов и технических регламентов;

– выступает собственником государственных информационных систем и ресурсов, находящихся в ведении Министерства;

– формирует и реализует механизмы для создания, функционирования, развития и администрирования интегрированных государственных информационных систем и сетей, единого государственного центра обработки данных, единой системы электронного документооборота, единой государственной системы по

системасын, идентификациялоонун бирдиктүү системасын, электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасын, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталын, электрондук лицензиялоо порталын жана башка мамлекеттик маалыматтык жана маалыматтык-каттоо системаларын жана ресурстарын түзүү, иштетүү, өнүктүрүү жана башкаруу үчүн механизмдерди түзөт жана ишке ашырат;

– заманбап маалыматтык жана маалыматтык-каттоо технологияларын, анын ичинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү ишке киргизүүгө катышат;

– программалык-техникалык комплекстерди, мамлекеттик маалыматтык жана маалыматтык-каттоо системаларын жана ресурстарын, анын ичинде электрондук кол тамганы иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү камсыздайт;

– Министрликтин карамагында турган мамлекеттик маалыматтык жана маалыматтык-каттоо системаларын жана ресурстарын түзүү, сактоо, пайдалануу, өнүктүрүү жана коопсуздугун камсыздайт;

– мамлекеттик каттоонун обочолонгон маалыматтык системаларын технологиялык бириктирүүнү жана бирдиктүү маалыматтык-каттоо ресурсун түзүүнү камсыздайт;

– мамлекеттик бийлик органдарынын маалыматтык өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо кызыкчылыгында, анын ичинде мамлекеттик каттоо жана мамлекеттик маалыматтык-каттоо системаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында бирдиктүү маалыматтык-технологиялык мейкиндикти камсыздайт;

– күбөлөндүрүүчү борборлордун кол тамга ачкычтарынын сертификаттарынын бирдиктүү мамлекеттик жалпыга жеткиликтүү реестрин жүргүзөт;

– убактысын, бүтүндүгүн, аныктыгын, автордугун жана купуялуулугун юридикалык күчкө ээ болгон камсыздоо менен электрондук билдирүүлөрдү алуучуга жеткирүүнү камсыз кылуучу Электрондук билдирүүлөрдүн мамлекеттик системасын ишке ашыруу боюнча саясатты аныктайт;

в) электр жана почта байланыш чөйрөсүндөгү функциялар:

– мамлекеттик органдар менен биргеликте жарандык коргонуу боюнча иш-чараларга байланыш системаларын мобилизациялык даярдоо пландарын иштеп чыгат;

– Кыргыз Республикасында байланыш тармактарын улуттук номерлештирүү планын түзөт, номерлештирүү ресурсун бөлүштүрүү жана колдонуу тартибин аныктайт жана аткарылышын контролдойт;

– жыштыкты камсыздоо планын иштеп чыгат;

– жалпы пайдалануудагы электр байланыш тармактарын жана кызмат көрсөтүүлөрүн колдонуу шарттарына жана көлөмүнө байкоо



учету кадров, единой системы финансового управления, единой системы идентификации, системы межведомственного электронного взаимодействия, государственного портала электронных услуг, портала электронного лицензирования и иных государственных информационных и информационно-регистрационных систем и ресурсов;

– участвует во внедрении современных информационных и информационно-регистрационных технологий, в том числе в части предоставления государственных и муниципальных услуг;

– обеспечивает разработку и внедрение программно-технических комплексов, государственных информационных и информационно-регистрационных систем и ресурсов, в том числе электронной подписи;

– обеспечивает формирование, хранение, использование, развитие и безопасность государственных информационных и информационно-регистрационных ресурсов и систем, находящихся в ведении Министерства;

– обеспечивает технологическое объединение обособленных информационных систем государственной регистрации и создание единого информационно-регистрационного ресурса;

– обеспечивает и реализует единое информационно-технологическое пространство в интересах обеспечения информационного взаимодействия органов государственной власти, в том числе в рамках оказания услуг в сфере государственной регистрации и обеспечения доступа к государственным информационно-регистрационным системам;

– ведет единый государственный общедоступный реестр сертификатов ключей подписей удостоверяющих центров;

– определяет политику по реализации Государственной системы электронных сообщений, обеспечивающей доставку электронных сообщений получателю, с обеспечением фиксации времени, целостности, подлинности, авторства и конфиденциальности, имеющих юридическую силу;

в) функции в сфере электрической и почтовой связи:

– разрабатывает совместно с государственными органами мобилизационные планы подготовки систем связи к мероприятиям по гражданской обороне;

– составляет Национальный план нумерации сетей связи в Кыргызской Республике, определяет порядок распределения и использования ресурса нумерации и контролирует его выполнение;

– разрабатывает план частотного обеспечения;

– создает условия для обеспечения наблюдения за условиями и объемом использования сетей и услуг электросвязи общего

жүргүзүүнү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы электр байланыш тармактарына эл аралык трафикти өткөрүүнү камсыз кылуу үчүн шарттарды түзөт;

– почта төлөмдөрүнүн белгилерин, почта конверттеринин жана ачык каттардын үлгүлөрүн, номиналын жана тиражын аныктайт, аларды басып чыгарууну, таркатууну, ошондой эле почта төлөмдөрүнүн белгилерин басып чыгаруунун тематикалык планын бекитүүнү уюштурат;

– почта байланыш бөлүмдөрүнө почта индекстерин жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы почта жөнөтмөлөрүнүн идентификациялык штрих-коддорунун диапазонун ыйгарат;

– операторлордун, электр байланыш кызматтарынын, почта байланыш ишканаларынын жана байланыш кызматын пайдалануучулардын ортосунда келип чыккан чыр-чатактарды жөнгө салуу, калыс териштирүү жана чечүү боюнча маселелерди жөнгө салуу тартибин аныктайт;

г) мамлекеттик каттоо жана архив иши чөйрөсүндөгү функциялар:

– Министрликтин компетенциясына кирген мамлекеттик маанидеги жекелештирилген документтерди, ошондой эле адамдын ким экендигин ырастоочу документтерди даярдоо, каттоо, эсепке алуу, берүү, коргоо, сактоо жана жок кылуу системасын уюштурууну камсыздайт;

– калкты жана жарандык абалдын актыларын, автомототранспорт каражаттарын, алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды каттоо системасын уюштурууну камсыздайт;

– Кыргыз Республикасынын ар бир жаранына, чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга идентификациялык жеке номерди (ИЖН) ыйгарат;

– калктын бирдиктүү реестрин жүргүзүүнү жана актуалдаштырууну ишке ашырат;

– архивдик документтер чөйрөсүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын архив ишин башкарат;

д) маалыматтык коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндөгү функциялар:

– жиберилүүчү маалыматты санкцияланбаган пайдалануудан бурмалоодон же өзгөртүүдөн коргоону камсыздайт;

– Кыргыз Республикасынын киберкоопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча мамлекеттик органдардын кооптуу маалыматтык инфратүзүмүнүн маалыматтык коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүүгө катышат;



пользования, а также для пропуска международного трафика в сети электросвязи общего пользования Кыргызской Республики;

– определяет образцы, номиналы и тиражи знаков почтовой оплаты, почтовых конвертов и открыток, организует их издание, распространение, а также утверждение тематического плана издания знаков почтовой оплаты;

– присваивает почтовые индексы отделениям почтовой связи и диапазоны идентификационных штрих-кодов почтовых отправлений на территории Кыргызской Республики;

– устанавливает порядок урегулирования, третейского рассмотрения и разрешения конфликтов, возникающих между операторами, службами электросвязи, предприятиями почтовой связи и пользователями услуг связи;

г) функции в сфере государственной регистрации и архивного дела:

– обеспечивает организацию системы изготовления, регистрации, учета, выдачи, защиты, хранения и уничтожения персонифицированных документов государственного значения, а также документов, удостоверяющих личность, относящихся к компетенции Министерства;

– обеспечивает организацию системы регистрации населения и актов гражданского состояния, автомототранспортных средств и прицепов к ним, специальных технологических машин, водительского состава;

– присваивает каждому гражданину Кыргызской Республики, иностранным гражданам и лицам без гражданства персональные идентификационные номера (ПИН);

– осуществляет ведение и актуализацию единого реестра населения;

– осуществляет управление архивным делом Кыргызской Республики в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, регулирующим сферу архивных документов;

д) функции в сфере обеспечения информационной безопасности:

– обеспечивает защиту передаваемых сведений от несанкционированного доступа, искажения или изменения;

– участвует в проведении мониторинга состояния информационной безопасности критической информационной инфраструктуры государственных органов, по согласованию с уполномоченным государственным органом в сфере обеспечения кибербезопасности Кыргызской Республики;

– осуществляет в рамках своей компетенции мероприятия по выявлению, оценке, локализации и профилактике угроз

– өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик органдардын маалыматтык системаларынын жана ресурстарынын киберкоопсуздугуна коркунучтарды аныктоо, баалоо, локалдаштыруу жана алдын алуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;

е) жөнгө салуу функциялары:

– аккредиттелген күбөлөндүрүүчү борборлорго карата башкы (түпкү) күбөлөндүрүүчү борбордун функцияларын ишке ашырат;

– күбөлөндүрүүчү борборлорду аккредиттөөнү жүзөгө ашырат, анын ичинде аккредиттелген күбөлөндүрүүчү борборлор тарабынан ушул күбөлөндүрүүчү борборлор аккредиттелген шайкештик талаптарынын сакталышын текшерет жана алардын сакталбагандыгы табылган учурларда бузууларды четтетүү боюнча көрсөтмөлөрдү берет;

– электрондук башкаруунун инфратүзүмүнүн реестрин жана базалык маалыматтык ресурстардын реестрин жүргүзүүнү камсыздайт;

– күбөлөндүрүүчү борборлордун кол тамгаларынын ачкыч сертификаттарынын реестрин жүргүзүүнү камсыздайт;

– аккредиттелген күбөлөндүрүүчү борборлордун реестрин жүргүзөт;

– электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн сапаттуу берүүнүн жана билдирүүлөрдүн купуялуулугун сактоонун, ошондой эле колдонуучулар жөнүндө жеке маалыматты жашыруун сактоонун негизинде бардык колдонуучулардын жалпы пайдалануудагы электр байланыш тармактарына жана жалпы пайдалануудагы электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыздайт;

– Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фондун түзүүнү уюштурат, анын ичинде аны Кыргыз Республикасынан тышкары жерлердеги тарыхый-маданий мурастардын документтери менен толуктоону уюштурат;

ж) координациялоо, контролдоо жана мониторинг жүргүзүү функциялары:

– электрондук башкаруу, электр жана почта байланышы, калкты, автомототранспорт каражаттарын жана алардын чиркегичтерин, атайын технологиялык машиналарды, айдоочулук курамды, жарандык абалдын актыларын каттоо, архив иши жаатындагы мамлекеттик жана максаттуу программаларды аткаруу боюнча ведомстволук бөлүмдөрдүн, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын ишин контролдойт, мониторинг жүргүзөт;

– эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, ведомстволук түзүмдөрдүн, ишканалардын жана мекемелердин финансылык-чарбалык ишине талдоо жүргүзөт;

– ички контролдоо системасынын натыйжалуулугуна жана финансы-чарбалык ишинин жыйынтыгына баа берет, баалоонун



кибербезопасности информационных систем и ресурсов государственных органов;

е) функции регулирования:

– осуществляет функции главного (корневого) удостоверяющего центра в отношении аккредитованных удостоверяющих центров;

– осуществляет аккредитацию удостоверяющих центров, в том числе осуществляет проверки соблюдения ими требований, на соответствие которым были аккредитованы, и, в случае обнаружения их несоблюдения принимает соответствующее решение о приостановлении действия аккредитации либо аннулировании аккредитации;

– обеспечивает ведение реестра инфраструктуры электронного управления и реестра базовых информационных ресурсов;

– обеспечивает ведение реестра сертификатов ключей подписей удостоверяющих центров;

– ведет реестр аккредитованных удостоверяющих центров;

- обеспечивает равный доступ всех пользователей к сетям электросвязи общего пользования и услугам электросвязи общего пользования на основе качественного предоставления услуг электросвязи и соблюдения конфиденциальности сообщений, а также сохранения в тайне частной информации о пользователях;

– организует формирование Национального архивного фонда Кыргызской Республики, в том числе пополнение его документами историко-культурного наследия Кыргызской Республики, находящегося за ее пределами;

ж) функции координации, контроля и мониторинга:

– контролирует деятельность и осуществляет мониторинг, оценку деятельности подведомственных подразделений, учреждений и предприятий по исполнению государственных и целевых программ в области электронного управления, электрической и почтовой связи, регистрации населения, автомототранспортных средств и прицепов к ним, специальных технологических машин, водительского состава, актов гражданского состояния, архивного дела;

– осуществляет анализ финансово-хозяйственной деятельности подведомственных подразделений, предприятий и учреждений, если иное не предусмотрено законодательством Кыргызской Республики;

– проводит оценку эффективности системы внутреннего контроля и результативности финансово-хозяйственной деятельности, вырабатывает рекомендации по результатам оценки в пределах компетенции Министерства;

жыйынтыгы боюнча Министрликтин компетенциясынын чегинде сунуштарды иштеп чыгат;

– Министрликтин компетенциясына кирген маселелер боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялайт;

– мамлекеттик жана мамлекеттер аралык телекоммуникациялык, почта жана маалыматтык системаларды жана байланыш тармактарын, ошондой эле электрондук башкарууну координациялайт;

– Кыргыз Республикасынын электрондук кол тамга чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык текшерүүлөрдү жүргүзөт;

– Министрликтин компетенциясынын чегинде илимий-изилдөө, методологиялык, методикалык иштерди координациялайт;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санариптештирүү чөйрөсүндөгү калкка кызмат көрсөтүүчү субъекттердин ишин координациялоону жүзөгө ашырат;

– мамлекеттик маалыматтык системалардын, ресурстардын өз ара аракеттенүүсү жана жалпы пайдалануудагы маалыматтык базаны түзүү, Кыргыз Республикасынын улуттук маалыматтык инфратүзүмүнө интеграцияланууучу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү үчүн локалдык жана глобалдык маалымат сактагычты түзүү боюнча иштерди уюштурат;

– байланыш жана электрондук башкаруу объекттерин иштетүү, куруу, оңдоо, реконструкциялоо жана күтүү маселелери боюнча мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенет;

– мамлекеттик маалыматтык системаларды иштеп чыгууга карата техникалык тапшырмалардын талаптарын бекитет жана техникалык-экономикалык негиздемелерди, техникалык өзгөчөлүктөрдү жана техникалык тапшырмаларды иштеп чыгуу, маалыматтык системаларга жана технологияларга, ошондой эле алардын программалык жана аппараттык каражаттарына изилдөөлөрдү, сыноолорду, экспертизаларды, талдоону жана баалоону уюштуруу жана аткаруу боюнча, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында маалыматтык ресурстар жана технологиялар жаатында илимий-изилдөө жана инновациялык иштерди жүргүзүү боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик ишканалардын жана мекемелердин ишине катышат;

– Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинен тышкары, программалык-аппараттык чечимдерди, жалпы мамлекеттик маалыматтык-коммуникациялык регистрлерди жана реестрлерди, ар кандай маалыматтык ресурстарды жана маалыматтык стандартташтыруу системаларын ишке киргизүү боюнча мамлекеттик



– координирует деятельность государственных органов и органов местного самоуправления по вопросам, отнесенным к компетенции Министерства;

– осуществляет координацию государственных и межгосударственных телекоммуникационных, почтовых и информационных систем и сетей связи, а также электронного управления;

– осуществляет проверки в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере электронной подписи;

– координирует научно-исследовательскую, методологическую, методическую работу в пределах компетенции Министерства;

- осуществляет в соответствии с законодательством Кыргызской Республики координацию деятельности субъектов в сфере цифровизации, предоставляющих услуги населению;

– организует работу по взаимодействию государственных информационных систем, ресурсов и формированию информационной базы общего пользования, созданию локальных и глобальных хранилищ данных для электронного межведомственного взаимодействия между государственными органами и органами местного самоуправления, интегрируемых в национальную информационную инфраструктуру Кыргызской Республики;

– взаимодействует с государственными органами, органами местного самоуправления по вопросам функционирования, строительства, ремонта, реконструкции и содержания объектов связи и электронного управления;

– утверждает требования к техническим заданиям на разработку государственных информационных систем и участвует в работах государственных органов, органов местного самоуправления, государственных предприятий и учреждений по разработке технико-экономического обоснования, технической спецификации и технического задания, организации и проведению исследований, испытаний, экспертизы, анализа и оценок информационных систем и технологий, а также программных и аппаратных средств к ним, по осуществлению научно-исследовательской и инновационной деятельности в области информационных ресурсов и технологий в рамках законодательства Кыргызской Республики;

– осуществляет мониторинг деятельности государственных органов и органов местного самоуправления по внедрению программно-аппаратных решений, общегосударственных информационно-коммуникационных регистров и реестров, различных информационных ресурсов и информационных систем стандартизации, за исключением органов национальной безопасности Кыргызской Республики;

